**Өмүралиева Жанар Орозалиевнанын «Молдобасан Мусулманкуловдун “Манасынын” көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы» деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттин**

## ПИКИРИ

Диссертациялык иш манас таануу илиминдеги актуалдуу проблемалардын бирине арналган. Анткени, “Манас” эпосунун варианттарын өз ара салыштыра иликтөө эпостун көркөм-эстетикалык табиятын таанып билүүгө, ал боюнча илимий теориялык жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул боюнча манас таануу илиминде бир катар илимий иштер аткарылып, диссертациялык иштер жазылган. Молдобасан Мусулманкуловдун жалпы чыгармачылыгын, манасчылык өнөрүн жана анын вариантынын өзгөчөлүгүн кайсы бир проблемалардын алкагында учкай иликтеген фольклорист-окумуштуулардын, музыка иликтөөчүлөрдүн эмгектери бар. Ал эми М.Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” эпосунун көркөмдүк өзгөчөлүгүн, чыгармачылык өнөрканасын ар тараптан комплекстүү жана ырааттуу түрдө тереңдеп изилдөө **диссертациялык иштин актуалдуулугун** ырастайт.

Диссертация киришүүдөн, эки бап, жети параграфтан, корутунду, практикалык сунуштар жана колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, иштеги жалпы жыйынтыктар менен сунуштарды системалуу кароого жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Иштин көлөмү 180 бет.

**Киришүүдө** ишке жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максат, милдеттери, жаңычылдыгы, методологиясы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана диссертациялык иштин апробацияланышы берилген.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 133/04-8
« 5 » 04 2021 г.

Биринчи бап **“Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылыгынын изилдениши, манасчылык өнөрүнүн калыптанышы, ырлары жана кенже эпостору”** деп аталып 5 параграфтан турат. Мында Мусулманкуловдун чыгармачылыгынын изилдениши, манасчы катары калыптанышы, анын вариантына карата айтылган сын-пикирлер, ошондой эле, ырлары, эпик төкмө акын катары жараткан “Курманбек”, “Жаныш, Байыш”, “Жаңыл Мырза” эпостору иликтенип, ар бир параграфтын акырында ишенимдүү жыйынтыктар чыгарылган. Маселен, буга чейинки иликтөөлөрдө М.Мусулманкуловдун варианты кандайдыр бир проблеманын чегинде негизинен салыштырма материал катары колдонулган, кенже эпостору болсо жалпы алкакта каралган. Айтуучулук өнөрдү агасы Калыгулдан үйрөнүп, кийинчерээк Тоголок Молдо, С.Орозбаков, С.Каралаевдин чыгармачылыгына таасирленген. Тыныбек мектебини ири өкүлү. Ал эми ырчылык өнөр М.Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн башаты жана пайдубалы болгон деген тыянакка келет. “Жаңыл Мырза” жогорку көркөмдүк деңгээлдеги эпикалык чыгарма катары бааланса, “Жаныш, Байыш” жана “Курманбек” эпостору айтуучулук өнөрүнүн башаты болгондуктан көркөмдүк жагынан жеткиликтүү иштелбей калгандыгын жана да байыркы ишенимдер менен ислам дининин идеялары көбүрөөк сакталгандыгын тексттик жана теориялык булактар менен бекемдейт.

**М.Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” жана “Семетей” эпосторунда сюжеттик салттуулуктун сакталышы жана өздүк чеберчилик маселелери** деген экинчи бапта М.Мусулманкуловдун вариантынын салттуулугу менен поэтикасы С.Орозбаков менен С.Каралаевдин вариантына, айрым эпизоддор Б.Сазанов менен М.Чокморовдун варианттарына салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методдорун колдонуп талдоого алган. Диссертанттын пикирине караганда М.Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” эпосунда сюжеттик негизги өзөктүү окуялар толук сакталган. “Ажыбайдын Меккеге барышы”, “Олуят чалдын окуясы”, “Манастын чүрчүттү чабышы” сыяктуу айрым бир

сюжеттик бөтөнчөлүктөр да бар. Чыйырдынын түшүндө өрттү көрүшү, Ай менен Күндөн боюна бүтүшү, кырк чилтендин балага ат коюшу өңдүү көөнө мотивдер кездешет. Ыктуу колдонулган поэтикалык көркөм сөз каражаттары эпостун көркөмдүк деңгээлин жогорулатып турат. “Семетей” эпосунда деле негизги салттуу өзөктүк окуялар толук сакталган. Мифологиялык мотивдер менен байыркы ишенимдер С.Каралаевдин вариантына салыштырмалуу сейрек кездешерин диссертант ишенимдүү талдоолор менен далилдүү көрсөтүп берген.

Жалпысынан алганда Ж.О. Өмүралиеванын филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Молдобасан Мусулманкуловдун “Манасынын” көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы” аталган диссертациялык ишинин аягында изденүүчү тарабынан төмөнкүдөй **илимий маалыматтарга негизделген ишенимдүү жыйынтыктар** чыгарылган:

- М.Мусулманкуллов – улуу манасчы Тыныбек мектебинин өкүлү. С.Орозбаковдун шакирти жана эпостун классикалык тексттин өнүктүрүп, улантуучулардын бири;
- М.Мусулманкулов таланттуу ырчы, аткаруучу жана элдик акындар поэзиясынын салттуу үлгүсүн улантуучу жамакчы-акын;
- “Курманбек” жана “Жаныш, Байыш” эпостору башка варианттарга салыштырганда эң алгач кагазга түшкөн рухий материалдык казына катары баалуу; “Жаңыл Мырза” эпосу жогорку поэтикалык көркөмдүк өзгөчөлүгү менен айырмаланат;
- М.Мусулманкулов манасчылык өнөрдө С.Орозбаковду угуп таасирленсе, С.Каралаев менен чыгармачылык тыгыз байланышта болгон;
- Анын вариантында “Манас” эпосунун салттуу сюжеттик өзөктүү окуялары толук сакталат, айырмалуу сюжеттик окуялар да кездешет;

- М.Мусулманкуловдун вариантында исламдык диний мотивдер, идея жана түшүнүктөр көбүрөөк орун алат;
- Тилдик көркөм сөз каражаттары кеңири колдонулат, салттуу муун өлчөмү сакталат;
- “Семетей” эпосу салттуу өзөктүү окуяларды камтыйт. С.Каралаевдин вариантына салыштырмалуу мифологиялык көөнө ишенимдер аз кездешет.

Диссертацияда сунушталган илимий концепциялар М.Мусулманкуловдун чыгармачылык өзгөчөлүгүн, айрыкча манасчылык өнөрдүн табиятын тереңден үйрөнүүгө, түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Жетиштүү факт-материалдарга, ушул багыттагы **илимий-теориялык эмгектерге таянуу менен такталган ынанымдуу жыйынтыктарды чыгарып, конкреттүү илимий жоболорду сунуштай** алган.

Диссертацияда алынган илимий жыйынтыктар мындан аркы илимий изилдөөлөргө теориялык таяныч болуп берерин белгилеп келип, практикалык маанилүүлүгү катары М.Мусулманкуловдун вариантына жана жалпы эле манас таануу илимине байланыштуу төрт теманы сунуштаган. Манас айтуу боюнча конкурстар, чоң көчөлөргө манасчылардын атын берүү, сүрөттөрүн илүү сыяктуу практикалык маанидеги иштер да “Манасты” жайылтууга өбөлгө болорун белгилеген.

**Диссертациянын авторефератында** изилдөөнүн мазмуну толук чагылдырылган десе болот.

Жарыяланган илимий макалалардын саны он сегиз. Диссертациянын негизги жоболору ушул макалаларда чагылдырылган. Демек, ЖАКтын талаптарына толук жооп берет.

Диссертациялык иш, анын автореферати **илимий стилде**, илимий этиканы сактоо менен сабаттуу жазылган.

Диссертациялык изилдөөдө иштин жалпы сапатына анча таасирин тийгизе албаган **айрым кемчиликтер** байкалат. Алар:

1. С.Орозбаков, С.Каралаев менен бирге эле Тоголок Молдонун варианты менен салыштыруу зарылчылыгы бар эле. Анткени айтуучулуктун сырларын импровизатордук чеберчиликти Тоголок Молдодон үйрөнгөн. К.Рахматуллиндин жазганына караганда Тоголок Молдонун окуучусу болгон.

2. Диссертациялык иштин темасына түздөн түз тиешеси бар айрым эмгектер пайдаланылбай калган. Мисалы, Р.З. Кыдырбаеванын, манасчы жана окумуштуу К.Жумалиевдин эмгектери.

Ырас, жогоруда кемчилик катары саналган айрым ойлор иштин илимий мазмунуна тикелей терс таасирин тийгизбегендиктен диссертация – кыргыз фольклористикасында учур талабына ылайык бүткөрүлгөн олуттуу эмгек.

**Өмүралиева Жанар Орозалиевнанын «Молдобасан Мусулманкуловдун "Манасынын" көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы»** деген темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын **"Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби" жөнүндөгү жобосуна ылайык иштелип чыккан эмгек** болуп саналат жана изилдөөнүн автору 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**филология илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Ибраимов К.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«5» 04 20__ ж.